Токмок шаарынын ИИБнүн 2021-жылдын 28-июнь күнү
КЖБРне №03-011-2021-001295
саны менен катталган сотко чейинки өндүрүш иши боюнча

# МААЛЫМАТ

2021-ж. 27-июнь күнү Токмок ШИИБнө КРнын БШКнын ыкчам чара көрүү координациалык тобуна (ЫЧКТ) Токмок шаарынын "Патриот Ынтымагы" саясий партиясынын лидери [redacted] маалымат түшкөн, ал маалыматта Токмок ш. Үй-бүлөөлүк медицина борборунун мүдүрүнүн орун басары [redacted] Токмок шаарынын жергиликтүү кеңешине "Эмгек" саясий партиясынан №6 депутаттыка талапкер жана Токмок шаарынын аймыктык ооруканасынын кайра жандадыруу бөлүмүнүн жетекчиси [redacted] Токмок ш. жергиликтүү кеңешине "Асыл Мурас-Жаштары" саясий партиясынан №8 депутаттыка талапкер. Аталган талапкерлер шайлоо учурунда административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланып жатышат деп билдирген, себеби 2021-ж. 25 июнь күнү Токмок ш. аймактык ооруканасында аталган оорукананын жетекчилеринин катышуусунда кеңешме өткөрүлгөн тууралуу видеотасма ватсаптан жиберилген. Ошондой эле аталган факт боюнча укук коргоо органдары текшерүү иштерин жүргүзүп чара көрүүнү суранган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 27-июнунда саат 18:19 мун. Токмок ШИИБнун МККна № 02-011-2021-002123 саны менен каталып, КЖБРне №03 011-2021-001295 болуп 28-июнь куну катталып текшерүү иштери башталган.

Азыркы учурда Токмок шаарынын ИИБу тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлүп жатат, текшерүүнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат жиберилет.

**КР ИИМнин Тергөө кызматы**